4. Л.Үкүбаева Ч.Айтматов жана кыргыз адабияты “Турар” Бишкек-2012
5. Ү.Б.Култаева Турмуш чындыгы жана көркөм образ Бишкек-2008
6. Б.О. Кыргыз терминологиясы Фрунзе “Мектеп” 1983

УДК-821.512.122.09:177 **DOI: https://doi.org/10.56122/..v1i1.605**

Ч.АЙТМАТОВДУН ЧЫГАРМАЛАРЫНДА СҮЙҮҮ АРКЫЛУУ ИНСАНДЫК КАЛЫПТАНУУ

Кыдырова Б.А. - ОшМПУнун мамлекеттик тил кафедрасынын окутуучусу
burulkadyrova@gmail.com

ФОРМИРОВАНИЕ ЛИЧНОСТИ ЧЕРЕЗ ЛЮБОВЬ В ПРОИЗВЕДЕНИЯХ Ч. АЙТМАТОВА

Кыдырова Б. А *- Преподаватель кафедры государственного языка Ошского государственного педагогического университета имени А. Мырсабекова.*

PERSONAL FORMATION THROUGH LOVE IN CH. AITMATOV'S WORKS

Kydyrova B. A. - Lecturer at the Department of the State Language
Osh State Pedagogical University named A. Myrsabekov

Аннотация

Бул макалада Чыңгыз Айтматов чыгармаларындагы сүйүү темасы аркылуу инсандын руханий жана моралдык жактан калыптануу процесси талдоого алынат. Жазуучунун көркөм дүйнөсүндө сүйүү жөн гана сезим эмес, ал адамдын ички дүйнөсүн байытуучу, анын жашоого болгон көз карашын өзгөртүүчү күч катары каралат. Автор өз чыгармаларында каармандардын жан дүйнөсүн ачуу аркылуу алардын адеп-ахлактык баалуулуктарын, ички тазалыгын жана адамдык сапаттарын терең сүрөттөйт. Айрыкча, сүйүү каармандардын тагдыр чечүүчү тандоолорунда, өз алдынча чечим кабыл алуусунда маанилүү роль ойнойт. Жазуучу сүйүү аркылуу адамдын өзүн-өзү таанып билүүсүн, руханий жактан өсүүсүн жана коомдогу ордун аныктоосун чагылдырат. Ошондой эле макалада жазуучунун чыгармаларында көтөрүлгөн адамдык кадыр-барк, эркиндик, адилеттик жана бакыт үчүн күрөш маселелери да каралат.

Түйүндүү сөздөр: сүйүү, инсандык калыптануу, руханий өнүгүү, моралдык баалуулуктар, көркөм образ, каарман психологиясы, адам тагдыры, ички дүйнө, адеп-ахлак, адамдык кадыр-барк

Аннотация

В данной статье анализируется процесс духовно-нравственного формирования личности через тему любви в произведениях Чингиза Айтматова. В творческом мире писателя любовь – это не просто чувство, а сила, обогащающая внутренний мир человека и изменяющая его взгляд на жизнь. В своих произведениях автор глубоко описывает нравственные ценности, внутреннюю чистоту и человеческие качества персонажей, раскрывая их души. В частности, любовь играет важную роль в судьбоносных решениях героев, в их самостоятельном принятии решений. Через любовь писатель отражает самопознание человека, его духовный рост и определение своего места в обществе. В статье также рассматриваются вопросы человеческого достоинства, свободы, справедливости и борьбы за счастье, поднятые в произведениях писателя.

Ключевые слова: любовь, формирование личности, духовное развитие, нравственные ценности, художественный образ, психология характера, судьба человека, внутренний мир, нравственность, человеческое достоинство

Abstract

This article analyzes the process of spiritual and moral formation of a person through the theme of love in the works of Chingiz Aitmatov. In the writer's artistic world, love is not just a feeling, it is considered a force that enriches a person's inner world and changes his outlook on life. In his works, the author deeply describes the moral values, inner purity and human qualities of the characters by revealing their souls. In particular, love plays an important role in the fateful choices of the characters, in their independent decision-making. Through love, the writer reflects a person's self-knowledge, spiritual growth and determination of his place in society. The article also examines the issues of human dignity, freedom, justice and the struggle for happiness raised in the writer's works.

Keywords: love, personality formation, spiritual development, moral values, artistic image, character psychology, human destiny, inner world, morality, human dignity

Талантты жараткан – эл, ошол эле учурда аны баалаган да, сактаган да – эл. Эл үчүн ак кызмат кылган таланттын эмгеги кылымдар бою унутулбай, урмат-сый менен сакталып келет. Мындай залкар инсандардын бири – сөз өнөрүнүн чебери, улуу гуманист, дүйнөгө таанымал классик жазуучу Чыңгыз Айтматов. Ал өз доорундагы коомдук өзгөрүүлөрдү, жаңылыктарды чыгармаларында так жана терең чагылдырган.

Жазуучунун алгачкы чыгармаларынан тартып эле жаңы адамдын образы, адеп-ахлактык баалуулуктар жана руханий изденүүлөр бири-бири менен тыгыз байланышта берилет. Анын каармандары адептик жана руханий жактан татаал кырдаалдарда калыптанып, турмуштун курч маселелерине түздөн-түз жооп издешет. Мына ушундай көркөм чечимдер окурмандардын да, адабий сынчылардын да көңүлүн буруп келген. Замандын көйгөйлөрүн терең аңдаган жазуучу жаңы доордун идеяларын, этикалык сезимдерин жана карама-каршылыктарын өз чыгармаларында чагылдырбай койгон эмес.

Эл тагдыры жана эл турмушу – сүрөткөр үчүн түгөнгүс чыгармачылык булак. Элдин жашоосун көрөгөчтүк менен талдап, аны көркөм образдар аркылуу жеткире алган жазуучу гана жалпы адамзаттык деңгээлде бааланат. Турмуш өзү жараткан адамдар жазуучунун калеминде өчпөс каармандарга айланып, кыргыз адабиятында мурда толук ачыла элек жаңы образдардын жаралышына өбөлгө түздү. Бул каармандар жеке кызыкчылык менен коомдук милдетти айкалыштыра алган, ички дүйнөсү бай, жогорку адамгерчилик сапаттарды камтыган күчтүү инсандар катары сүрөттөлөт.

Кыргыз адабиятындагы жаңыча багыттардын башталышы да жазуучунун чыгармачылыгы менен байланыштуу. Анын чыгармачылык жолу татаал, карама-каршы изденүүлөр аркылуу калыптанып, бир чыгармадан экинчиси жаралып, өзүнчө бир көркөм дүйнө түзүлгөн [8.37-б]. Башка калемгерлер толук ачып бере албаган адам рухунун терең катмарларын ал өзгөчө чеберчилик менен сүрөттөй алды. Жазуучунун ой дүйнөсү түгөнгүс булак сыяктуу, турмуштун бийик жана татаал кырдаалдары менен айкалышып, адабиятта жаңы багыттарды жаратты.

Анын чыгармаларындагы негизги темалардын бири – сүйүү темасы. Жөнөкөй адамдардын сүйүүсүндөгү улуулук, тазалык жана назиктик өзгөчө көркөмдүк менен берилет. Асел менен Ильяс, Мырзагүл менен Султанмурат, Данияр менен Жамийла, Раймалы менен Бегимай сыяктуу каармандардын ортосундагы мамиле терең мааниге ээ. Ошондой эле Танабай менен Бүбүжан, Эдигей менен Зарипа сыяктуу образдардагы сезимдер өзүнүн назиктиги жана тазалыгы менен айырмаланат. Дүйшөн менен Алтынайдын ортосундагы мамиле да – аруулуктун жана келечекке болгон ишенимдин символу. Бул жерде Алтынайдын билимге болгон умтулуусу Дүйшөндүн жеке сезиминен да жогору коюлат.

Жазуучунун чыгармаларында сүйүү – адамдын ички дүйнөсүн байытуучу, жоопкерчиликти күчөтүүчү жана адеп-ахлактык тазалыкты жогорулаткан күч катары берилет. "Жамийла", "Делбирим", "Бетме-бет", "Саманчынын жолу", "Биринчи мугалим", "Эрте жаздагы турналар", "Кылым карытар бир күн" сыяктуу чыгармаларында каармандар сүйүү аркылуу өзүнүн адамдык баалуулуктарын аңдап, турмуштун оор сыноолорунда да аруулугун сактоого умтулушат. Бул чыгармаларда сүйүү, адилеттүүлүк, адам тагдыры жана жаратылыш сыяктуу философиялык маселелер терең камтылган.

Дүйнөлүк адабияттагы улуу инсандар – Александр Пушкин, Оноре де Бальзак, Уильям Шекспир, Иоганн Вольфганг Гёте, Виктор Гюго, Фёдор Достоевский, Лев Толстой, Эрнест Хемингуэй, Вольтер сыяктуу залкарлар менен катар Чыңгыз Айтматов да өзүнүн бийик көркөм деңгээли менен айырмаланат. Анын Жамийла чыгармасы Мухтар Ауэзов жана Луи Арагон тарабынан “сүйүү жөнүндө эң улуу дастан”, “махабат тууралуу дүйнөдөгү эң сонун баян” деп жогору бааланган. Бул чыгарма жазуучунун алгачкы ийгиликтеринин бири болуп, анын чыгармачылык жолунда өзгөчө орунду ээлейт.

Сүйүү темасы дүйнөлүк адабиятта кеңири чагылдырылганы менен, Алишер Навоинин Лайли менен Мажнун чыгармасы да бул темадагы классикалык үлгүлөрдүн бири болуп саналат. Бирок Чыңгыз Айтматов сүйүүнү турмуштун, жаратылыштын жана адамдар арасындагы психологиялык мамилелер менен айкалыштырып, аны өзгөчө тереңдикте жана жаңыча көркөм деңгээлде ачып бере алган.

Адамзат жамаатындагы эң улуу,эң назик сезимдердин бири махабат сезими экендиги белгилүү. Кайсы гана улуттун өкүлү болбосун,бардык адамдар сүйүү сезимин өз башынан өткөрөт, ал анын эркине көз каранды эмес,бул табигый процесс. Турмуштун бул дүйнөгө келип кетүүнүн бир чоң философиясы ушунда жатат.[1 .1-том.258-б]

Ч.Айтматовдун Жамийласы ушундай сүйүү сезимге ээ боло элек кезинде эле зордук менен байыркы эскирген жат салтты карманган чөйрөгө туш келди. Жамийла эркин өскөн кайраттуу кыз. Моюн сунуп "таш түшкөн жеринде оор"- деп бактысыз болууга муктаж эмес. Адегенде турмуш,үй -бүлө деген ушул экен го деп эч нерседен бейкапарсыз жүрдү. Жамийладагы чыныгы махабат сезими Данияpга жолуккан мезгилден тартып ойгонду, бүткүл аруу сезимин,жан дүйнөсүн бийлеген зор кубаттуу күчкө айланды. Автордун чеберчилиги да мына ушул процесстин табигый экендигинде, өтө таасын сүрөттөп бере алгандыгында.

"Жамийла" повестинин айлуу август түнүндөгү эстен кеткис бир окуядан кийинки үзүндүнү алалы:

-Бери келчи Данияр,кашка аттын такасы шалкылдап калыптыр,жулуп таштачы, кармап берейин!

Данияр аттын туягын эки тизесинин ортосуна кысып,таканы жулуп алып өйдө боло бергенде, Жамийла аны карап,акырын гана айтты.

--Сен эмне эчтеке түшүнбөйсүңбү? Же менден башка кыз -келин түгөнүп калыптырбы?

Данияр ылдый карап унчукпады.

--Болбосо, мага эле оңой дейсиңби?-деди да,Жамийла үшкүрүп алды.[7.1.245-б]

Аттын такасы, бул шылтоо. Жамийланын айтайын дегени башка. Маселени мындай ачык кабыргасынан коюу, бир гана Жамийланын колунан келет. Көңүлүндөгүнү жаап-жашырбай, ачык айтат, ток этер, эң бир аянычтуу, талылуу жерин айтып жатат. Жамийла ымандай сырын төгөт. Данияpдын эмне деп айтканы Сейитке угулбайт. Данияр буга чейин ички сезимин эч жерде Жамийлага айткан эмес. Жамийла мурдатан эле сезип -туюп, жүрөгү менен угуп, билип жүргөндөй ачыкка чыгат. Тунук сүйүүнү даңазалап, таза сезимдүү наристенин (Сейиттин) көзү менен карап билгизгенин көрөбүз. Данияpдын Жамийлага жасаган мамилеси айылдык патриархалдык жигиттердин туңгуюк мамилесине карама-каршы сыяктуу. Жамийлага тентектик кылып туура эмес мамиледен Данияр жат. Ал өз эркин таңуулап, Жамийлага тийишпейт. Жан дүйнөсүнөн сүйүп турса да, колун сурабайт, тажатып жибербейт. Кап көтөрүү окуясындагы Жамийланын шылдыңдап, оор абалга кабылтып жатса да унчукпайт, мүнөзүн көргөзбөйт. Жамийланы өз каалоосуна коёт. Айкөл Данияpдын миң сырдуу жан дүйнөсүн Жамийла гана тааный алды. Акыры Жамийла "Мен сени бүгүн эмес, кечээ эмес, сыртыңдан билгендей бала болуп эс тарткандан бери сүйөм. Бүркүтүм! О шаңшыган бүркүтүм!" деп өзү агынан ачылып келди [4.1.250-б]

Ооба, бул сүрөттө күзгү кең талаада бүчүлөнбөгөн кең шинели жагжайып, алдыга умтула баскан Данияр менен анын жанында асма баштыгын карманып, кубанычтуу келе жаткан Жамийла... Жамийла, менин алтын жеңем! Силер азыр кайдасыңар? Кайда болсоңор да сапарыңар бактылуу болсо экен! Коркпо Жамийла, алыс жолдон. Сенин жолуң бак -таалай жолу, андан күмөн санаба! Жамийла, сен турмушта адилеттүү туура жол баштадың.

Жайкалган кең талаа сенин жашооңдун актай баракта башталышы! Сенин бактылуу болууга акың бар. Сен бактылуусуң, бакыт жолун улай бер, Жамийла!

Кайдасыңар силер азыр, кайсы жолдор менен кетип бара жатасыңар? Кең талаа, эрме чөл Казакстандан тартып, Алтай менен Сибирге чейин ачык мейкиндик! Ушул мейкиндиктей зор эмгекти сүйгөн азаматтар жаңы жерлерде, жаңы турмуш куруу үчүн аттандыңар, сапарыңар байсалдуу болсун, Даниярдын обону шаңшып, Жамийланын жүрөк оту болсун!

Ч.Айтматовдун каармандары үчүн сүйүү жөн гана сезим эмес, ал эски коомдук ченемдерден жогору көтөрүлгөн, инсандын өзүн таануусу, руханий эркиндикке жетүүчү күч болуп саналат. Ошондой эле жазуучунун консепциясында адамды калыптандыруучу, кайра жаратуучу күч бул- сүйүү. Сүйүү- "Жамийла" повестинде эркиндикке ачкан жол. Инсандык калыптануунун эң ачык мисалы катары каралат. Патриархалдык коомдун катуу тартибинде, сүйүүсүз "куру намыстан" курулган үй - бүлөдө жашап келген Жамийланы Даниярдын обону жан дүйнөсүндөгү курчап турган жасалма дүйнөнү талкалады. Коомдун жемесинен коркпостон,"эл эмне дейт" дебестен Жамийла чыныгы үй -бүлөлүк бакытты, эркиндикти тандады. Өз тагдырын өзү чечүүгө кубаттуу күч берди. Жазуучунун чыгармаларында сүйүү -- эки адамдын ортосундагы гана мамиле эмес, бул инсандын сүйүү аркылуу инсандык калыптанышынын, өзүн- өзү тарбиялоосунун, дүйнө таанымынын кеңейүүсүнүн жана руханий өсүшүнүн куралы. Туруктуу сүйүү каармандарды эр жүрөктүүлүккө, эркиндикке жана гуманизмге үндөйт. Автордун ою боюнча адам өзүнүн чыныгы адамдык сапатын сүйүү аркылуу сактап калат, инсан катары толук кандуу калыптанат.

"Сүйүү -өмүрдү көркүнө чыгарат". "Сүйүү - адамга ар дайым күч кубат берет". "Сүйүү - бул оору, дабасы сүйүү "- деген элдик макалдарда не деген керемет ойло камтылган. Сүйүү аркылуу инсандын эң жогорку деңгээли- акылмандык, кечиримдүүлүк калыптануу менен жеке инсандын гана эмес, башкалардын сезимин, кубанычын, кайгысын түшүнө билген инсанга айланат. Каармандардын ички дүйнөсүн тереңдетип, аруулукка, адеп -ахлакка, ыймандуулукка, бири- бирин сыйлоого багыттайт. Инсандын руханий калыптануусунун, адамдык сапатын ачуунун фактору. Сүйүү- каармандардын жаратылышка, табиятка болгон мамилесинде моралдык принциптерди сактоого көмөк берет.

Сынчы Озеров айткандай: "Чыңгыз көшөрүп олтуруп азаптуу жеңиштерге жеткен күрөшчүл, адамдын асылдыгын даңазалаган жазуучу."

Эми жазуучунун жаңы 1961-жылы жазылган "Делбирим"повестин алып көрөлү. Повестте жаш Асел менен Ильястын ортосундагы сүйүү, бардык тоскоолдуктарды, кыйынчылыктарды жеңип чыгууга жардам берди. Өзүлөрүнчө үй -бүлө куруп, эки жаш жашай баштады. Сүйүү-күч, ага чексиз ишенгенде гана бардык тоскоолдуктарды жеңет. Ал эми чыгарманын баш каармандары Ильяс менен Аселдин сүйүүдөн тургузган үй -бүлөсүнүн бири-бирин түшүнө албастан, Ильястын көктүгү, өзүмчүлдүгү менен "өзү келген"сүйүүсүн талкалап, кыйратып алды. Техникалык"авария "эмес, тагдырдын авариясына туш болушу, калп айтуусу менен Аселдин айткан сунушун четке кагып, өз үй -бүлөсүнөн, айдаган машинасынан, иштеген жамаатынан ажырады. Касиеттүү көлүнөн алыстап,кош айтышып,кайра кайрылып келбес делбирине кош айтып,Ысык-Көлдөн Памирге бакыт издеп, сүйүү издеп, жаңы жолго,турмуш жолуна сапар тартты. Бирок Асел - кызыл жоолукчан шериги -анын жүрөгүнөн өчпөйт. Кызыл жоолугун эч качан унутпайт. Кош! Асел! Кош, сүйгөнүм! Бактылуу бол!. - деп жаңы жолго түштү. Асел назик, оор басырыктуу, боорукер, эмгекчил, чыдамкай, намыскөй, сүйүүгө туруктуу, татыктуу жар, мээримдүү эне. Ильяс кетирген каталарын сезип, туруктуу болгондо Асел аны кечирмек, үй -бүлө бүтүндүгү сакталмак. Самат өз атасынын мээриминде чоңоймок. Асел уулун көтөрүп алып, Ильясты ишеним менен күтөт, жол карайт. Айрым ушак сөздөргө көңүл бурбайт. Анткени Аселдеги бекем сүйүү менен үй -бүлөнү сактоо максаты.

Аселдин кийинки кадамы туура эле болду. Байтемирдин дили таза, ыймандуу, көптү билген аруу кадам. Инсандык тандоо, жоопкерчилик, адамдык асыл сапатты жогору баалап, Аселдеги аруулукту сактап ыйман тазалыгы менен бактылуу кыла алды. Сүйүү аркылуу инсандык калыптануунун негизги аспектилерин баалай алды. Чыгармада автор Ильяс аркылуу

башына көптөгөн кыйынчылык түшсө да, сүйүүнү даңазалап, келечекке оптимизм менен карады. Армандуу махабаттын күбөлөрү - Ильяс менен Асел, тунук махабатка бийик сыза алышпады.

Сүйүү аркылуу инсандык калыптанууда адамзаттык жана табият сүйүүсү "Ак кеме"повестинде жалпы адамзаттык, гуманисттик мааниге ээ. Повестте калем ээси кыргыз элинин байыркы тарыхына, азыркы күндүн талабы менен көз чаптырып кылымдар бою улуу муундан урпактарга калган рухий маданиятына таянат. Повестте энчилүү аты жок Балага таятасы Момун чал айтып берген Мүйүздүү Энеден башка табиятта ыйык, сырдуу нерсе жок. Баланын образы аркылуу биз дүйнөнү сүйүү менен кабыл алуунун маанилүүлүгүн түшүнөбүз. Баланын жаратылышка, табиятка, Мүйүздүү Бугу энеге болгон таза сүйүүсү -анын таза балалык инсанынын өзөгү. Баланын Бугу энеге болгон мээрими жаратылышка болгон чексиз сүйүүсү.

Ал эми"Эрте жаздагы турналар"повестиндеги негизги каармандар Султанмурат. Аксайда жер айдаган жаш баатыр. Мырзагүл- анын сүйүктүүсү. Алардын аруу сезимдери бийик, убадага бекем, согуштун катаал күндөрүндөгү таза, тунук сүйүүнүн символу. Экөөнүн сүйүүсү жаштыктын, үмүттүн, ишенимдин бийик чокусу сыяктуу сүрөттөлөт. Султанмурат менен Мырзагүлдүн сүйүүсү жаш, күнөөсүз, абдан назик. Согуштун катаал чындыгында жашоого дем күч берген ыйык сезим. Сүйүү жана жоопкерчилик "Саманчынын жолу"повестинин каарманы Толгонайдын образы аркылуу энелик мээрим, үй -бүлөлүк ишеним, эл жерге болгон атуулдук берилгендиктен көрүнөт. Толгонайдын жакындарына болгон чексиз сүйүүсү, согуштун оор сыноолорунда аны сактап калат. Сүйүү аркылуу инсандын эң жогорку деңгээли болуп эсептелген акылмандык, кечиримдүүлүк, руханий жактан бекемделет.

Жыйынтыктап айтканда, дүйнө эли Чыңгыздын Даниярдын, Жамийласын, Дүйшөндү, Алтынайды, Толгонайды, Асел менен Ильясты, Эдигейди, Зарипаны, Султанмурат менен Мырзагүлдүн аруу сезимдери аркылуу бийик адамдык сапаттар коштолгон аяр мамилени таанышты. Түгөнбөс кенч, миң кырлуу талант, улуу жазуучунун каармандары географиялык аралыктарда чексиз экендигинде. Шекер айылынан башталып, улуу тоолорду аралап өтүп, Казактын улуу талаасы Сары- Өзөктү басып, Орусиянын түндүгүндө, Охот деңизинде, Москвада Кремлде, Германиянын шаары Гейденбергде,космосто уланды. Булардын кээ бирлери кыргыз театрында, кино өнөрүндө, опера жана балетте, хореография да, живопись, көркөм сүрөт өнөрү, музыкада, скульптурада жүрөт. Раймалы менен Бегимайдын, Дүйшөн менен Алтынайдын ак сүйүүсүн, Жамийла менен Даниярдын тунук махабатын, Асел менен Ильястын армандуу махабатын, сүйүүсү жаш, күнөөсүз, назик Султанмурат менен Мырзагүлдү дүйнө эли тааныды. Ата Журт, Жер Эне, адамдын улуулугу, бийиктиги,таза сүйүү, ыйман, адеп, бийик адамгерчилик жөнүндө адамзатка жар салган улуу калемгер " Сүйүүдөн аалам жаралган, сүйүүнүн өзү түбөлүк"-деген асыл ойлору менен адамдарга руханий гүл азык берди.

Адабияттар:

1. Акматалиев А.Ч.Айтматовдун чыгармалары боюнча изилдөөлөр.1-2-3томдор - Б.2018-ж
2. Акматалиев А.Ч.Айтматов жана кыргыз -казак адабий байланышы .Ф.1981-ж.
3. Ашымбаев Б.Жылдыздуу адамдар.Б.2018-ж
4. Айтматов Ч.Чыгармалар жыйнагынын 8 томдугу.Б.2009-ж.
5. Абдыкадыров А.Сын чыйыры.Ф.1974-ж
6. Артыкбаев К.Кыргыз совет адабиятынын тарыхы.Ф.1982-ж
7. Асаналиев К.Доор менен бирге.Ф.1981-ж
8. Ибраимов К. Көркөм дөөлөттөр дүйнөсүндө.Ф.1982.